КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «АДАМ ЖАНА КООМ»

жалпы билим берүүчү мектептеринин
6-9-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К. –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти.

**Иштеп чыккан жумушчу топ:**

**Козубаева Б.У.** – Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери, жумушчу топтун жетекчиси;

**Бакиров А.Ж.** – юридикалык илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргызстан юридикалык клиникалар Ассоциациясынын Президенти;

**Карачева Ө.С.** – Ысык-Көл облусундагы Балыкчы шаардык З.Исаева атындагы №4 гимназия мектебинин Адам жана коом предметинин мугалими, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими;

**Садыкова Б.Н.** – Бишкек шаарындагы А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Зылканова Ж.Н.** – Баткен областындагы Лейлек районунун Н.Батыров атындагы жалпы билим берүүчү мектептин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Алымкулова Г.Б.** – Талас облустук лицей – комплексинин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Жеңишева Н.Ж.** – юрист, укуктук билим берүү боюнча адис;

**Тюлегенов М.Т. –** Борбордук Азия Университетинин ага илимий кызматкери;

**Касмалиева А. М. –** жарандык окутуу боюнча адис;

**Кадыралиева А. –** Amnesty Internaional Борбордук Азиядагы адам укуктары боюнча консультант;

**Азимова М.Л. –** РПККЖ жана КДИ ага окутуучусу;

**Арунова А.А. –** КРСУ психология кафедрасынын ага окутуучусу.

**Рецененттер:**

**Куланбаева З.А. –** юридика илимдеринин кандидаты, доцент, Борбордук Азия Эл аралык университеттин “Юриспруденция” бөлүмүнүн жетекчиси;

**Дүйшеев А. –** “Techno-Solar” компаниясынын директору, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын окутуучусу, БУУ ЭЭУнун "Score for Climate" окуу модулунун тренери.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-9-класстары үчүн Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандарт (окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын (2025-жыл) негизинде иштелип чыкты.

Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандарт окутуунун базалык билим берүү баскычы үчүн бирдей шарттарды камсыз кылат, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү жана окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээли үчүн милдеттүү болуп саналат.

Аталган предметтик стандарт Адам жана коом предмети боюнча окуу программаларын, автордук окуу программаларын, окуу-методикалык комплекстерди жана окуу куралдарды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

## МАЗМУНУ

**1.** ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ..........................4

**2.** ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР...................................................................5

**3.** МАЗМУНДУК БАГЫТТАР..........................................................................................6

**4.** ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ....................................................10

**5.** ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ...............................................11

**6.** ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР.....................11

**7.** ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ ................13

## 1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Адам жана коом предмети – мамлекеттүүлүктүн негизин түзүүгө багытталган билимдерди берүүчү, баалуулуктарды жана компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу предмет болуп саналат. Анткени, Адам жана коом предмети – саясий, социалдык, экономикалык, экологиялык, маданий жана маалыматтык чөйрөлөрдөгү глобалдык өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды чагылдырып, окуучуларда жарандык иденттүүлүктү, финансылык сабаттуулукту жана медиасабаттуулукту, жашыл көндүмдөрдү калыптандырууга басым жасайт.

**Адам жана коом предметинин максаты** – мектеп окуучуларына өзүнүн укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин туура түшүнүп, жарандык ролун аткарууга үйрөтүү менен туруктуу жана коопсуз өнүгүү үчүн да зарыл болгон социалдык, экономикалык жана укуктук билимдерди берүү, улуттук баалуулуктардын негизинде окуучулардын Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүгүн, Кыргызстанга болгон сый-урматын жана активдүү жарандык позициясын калыптандыруу.

**Окутуунун билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттары менен дал келүүчүлүктө төмөнкү милдеттер ишке ашырылат:**

**1. Таанып-билүүчүлүк –** Кыргызстандын жана дүйнөлүк коомчулуктун социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана социалдык-маданий көрүнүштөрүнүн жана процесстеринин, анын ичинде туруктуу өнүгүүнүн, ресурстарды башкаруунун алкагында коом үчүн кесепеттерди эске алуу менен инсандык өзгөчөлүктөрүн/сапаттарын/ жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз алдынча аңдап-түшүнөт, критикалык ой жүгүртүп анализдейт жана түшүндүрөт;

**2. Жүрүм-турумдук –** жеке, коомдук жана экономикалык турмушта өз позициясын калыптандырат жана коргойт, адам менен коомдук жана мамлекеттик институттардын өз ара аракеттенүүсүнүн иштелип чыккан ченемдеринин алкагында конструктивдүү, гендердик тең укуктуулукка негизделген мамилелерди түзүүгө, жана иш алып барууга жөндөмдүү, адам укуктарын коргоо көндүмдөрүнө ээ;

**3. Баалуулук –** өзүнүн жүрүм-турумун жана башкалардын аракеттерин улуттук, жарандык (Кыргыз жараны) жана жалпы адамзаттык, руханий-адептик жана гуманисттик баалуулуктар, адам укуктарынын негизги принциптери – адамдык ар-намысты урматтоо, эркиндик, теңдик жана адилеттүүлүк, ошондой эле укуктар жана жүрүм-турум эрежелери менен салыштырып баалоого үйрөнөт; социалдык жана экономикалык турмушта туруктуу өнүгүүнүн нормалары менен принциптерине ылайык аракет кылууга даярдыкты калыптандырат.

Адам жана коом предмети гуманитардык жана социалдык багыттагы билим берүүгө, адамдын жана коомдун өз ара байланыштарын, анын коомдук ролун жана коомдун бардык чөйрөлөрүндөгү жоопкерчилигин түшүнүүгө багытталып, окутуу төмөнкү ыкмаларга негизделет:

**- мультидисциплинардык мамиле** – ар кандай дисциплиналардан (философия, социология, укук, саясат таануу, экономика, экология) алынган билимдерди колдонуу аркылуу коом менен адамдын турмушунун ар кандай аспектилерин изилдөөнү билдирет. Окуучулар бул тармактардан алынган маалыматтарды интеграциялап, аны коомдук процесстерди жана чыныгы социалдык кырдаалдарды талдоодо колдонулушу күтүлөт;

- **концентрдик мамиле** – бул билимди улам кеңейтүү жана тереңдетүүгө негизделет. Баштапкы деңгээлде жалпы түшүнүктөр берилет. Ар бир деңгээлде окуучулар негизги концепцияларга кайрылып, бирок, улам терең жана толук маалыматка ээ болушат;

- **компетенттүүлүк мамиле** – окуучуларды коомдун жашоосуна активдүү катышууга жана коомдук маселелерди чечүүгө даярдайт. Окуучуларда инсан үчүн маанилүү болуп саналган: өзүн өзү таануу, социалдык жоопкерчилик, жарандык активдүүлүк, укуктук, финансылык жана экологиялык сабаттуулук сыяктуу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат;

- **социомаданий мамиле** – тарыхый, философиялык жана социалдык шарттар коомдук нормалардын жана баалуулуктардын калыптануусуна кандай таасир эткенин түшүнүүгө жардам берет. Коомдун социалдык жана маданий аспектерин окуп-үйрөнүү окуучуларга маданий көп түрдүүлүктү, жүрүм-турум нормаларын жана баалуулуктарын түшүнүүгө, башка маданияттарды урматтоого жана баалоого үйрөтөт;

- **адеп-ахлактык мамиле** – окуучуларга адеп-ахлактык нормалар, укуктар жана милдеттер жөнүндө түшүнүк берүү аркылуу мамлекеттеги коомдук көрүнүштөрдү адеп-ахлактык жана моралдык көз караштан кароо жөндөмүн өнүктүрүп, бул аспектилердин коомдогу чечимдерге кандай таасир этээрин эске алууга жардам берет;

- **экологиялык мамиле –** окуучуларга экологиялык жоопкерчилик жана туруктуу өнүгүү боюнча түшүнүк берүү аркылуу адам менен табияттын өз ара байланышынын, айлана-чөйрөнү коргоонун жана ресурстарды сарамжалдуу колдонуунун маанилүүлүгүн түшүнүүгө шарт түзөт;

- **интерактивдүү мамиле –** окутуу процессинде ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды мисалы, дебаттар, дискуссия, ролдук оюн, долбоорлоо, моделдөө ж.б. колдонуу окуучуларга теорияны чыныгы коомдук кырдаалдарды талдоо, аргументтерди келтирүү, гендердик стреотиптерден арылуу жана чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет;

- **дифференцияланган мамиле** – окуучулардын кызыкчылыктары жана жөндөмдөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен мугалим ар бир окуучуга өзүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берген: репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде ар түрдүү тапшырмаларды сунуштай алат;

- **колдоочу жана коопсуз чөйрөнү камсыздоо –** окуучулар өз пикирин эркин билдирип, талкууга жана социалдык маселелерди чечүүгө катыша ала турган, адам укуктарынын жана гендердик теңдиктин баалуулугуна таянып бири-бирин урматтоо жана ишенимди түзгөн жагымдуу атмосфераны түзүүнү камтыйт. Сабактагы психологиялык жана физикалык (анын ичинде гендердик) коопсуздукту сактоо, билим берүү аянтын жана санариптик технологияларды колдонууну туура уюштуруу маанилүү болуп саналат. Бул окуучуларда адеп-ахлактык нормаларды эске алуу менен толерантуулукту, коомдо жана интернетте коопсуз жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду калыптандырууга жардам берет.

## 2. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

**1. Өзүн-өзү жана социалдык чөйрөнү таанып-билүү компетенттүүлүгү** – окуучунун ар түрдүү социалдык топторго өзүнүн уникалдуулугун жана өзгөчөлүгүн жоготпостон адаптациялануу, коомдо кабыл алынган жүрүм-турумга болгон мотивацияны көрсөтүү аркылуу көп түрдүүлүктү, гендердик тең укуктуулукту урматтоо жана башка адамдар,

жамааттар жана мамлекет менен ошол эле мезгилде медиа мейкиндикте конструктивдүү өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырат.

**2. Жарандык-укуктук компетенттүүлүк** – окуучунун коомдо Кыргыз жараны катары өз укуктарын жана милдеттерин билүү, укуктук нормаларды түшүнүү, анализдөө жана сыйлоо, коомдук иш-чараларга активдүү катышуу, укукка негизделген чечимдерди кабыл алуу, зомбулукка каршы күрөшүү жана өз аракети үчүн жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**3. Финансылык-экономикалык компетенттүүлүк** – окуучунун жеке кирешелерди жана чыгымдарды гендердик тең укуктуулуктун негизинде түшүнүү жана туура башкаруу, финансылык чечимдерди жоопкерчилик менен кабыл алуу жана экономикалык процесстерге аң-сезимдүү катышуу аркылуу финансылык коопсуздукту камсыздоо менен жашыл көндүмдөрдү жана финансылык сабаттуулукту калыптандырат.

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен бирге айкалышып калыптанат. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы окуучулардын практикалык ишмердүүлүктө жеке, жуптарда жана топтордо деңгээлдик тапшырмаларды аткаруу аркылуу таанып-билүү; талдоо, талкуулоо, жеке жана жалпы чечимге келүү аркылуу коммуникативдик жөндөмдөрүн калыптандыруу; өзүнүн жана башкалардын сезимин, эмоцияларын билүү, жөнгө салуу аркылуу эмпатиялык көндүмдөрүн өнүктүрүү; маалыматты туура колдонуу жана башкаруу ыкмаларын коопсуз өздөштүрүү жолдору менен ишке ашат.

## 3. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

**Адам жана коом предметин окуп-үйрөнүү төмөнкү мазмундук багыттарга негизделет:**

1. Социалдашуу
2. Улуттук нарк жана баалуулуктар
3. Адамдын укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги
4. Туруктуу өнүгүү жана коопсуздук

**Социалдашуу** – коомдо кабыл алынган нормаларды, эрежелерди, баалуулуктарды жана маданиятты өздөштүрүү аркылуу адамдын коомго интеграциялануу жана инсан катары калыптануу процессин камтыйт.

**Улуттук нарк жана баалуулуктар** – коомдук тажрыйбанын негизинде улуттук маданиятка шайкеш келген социалдык аң-сезимди калыптандырууга багытталган адамдын жүрүм-турумун, өз ара мамилесин жана дүйнө таанымын жөнгө салуучу туруктуу руханий жана моралдык баалуулуктардын системасы.

**Адамдын укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги** – адамдын табигый ажырагыс укуктарын, эркиндиктерин таануу жана коргоо, аларды турмушта колдоно билүү, Кыргыз жараны катары коом алдындагы милдеттерди жана жоопкерчиликтерди түшүнүү, укуктук маданиятты жана жарандык аң-сезимди калыптандырууга багытталган мазмундук багыт.

**Туруктуу өнүгүү жана коопсуздук** – адамзаттын жашоосу үчүн коопсуз жана туруктуу шарттарды түзүү максатында жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого, экономикалык өсүштү, социалдык адилеттүүлүктү жана коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү мазмундук багыт.

Бул мазмундук багыттар окуучунун:

- жарандык аң-сезимин,
- укуктук маданиятын,
- улуттук өздүгүн,
- коомго жана табиятка болгон жоопкерчилигин калыптандырат.

**1-таблица – Мазмундук багыттар боюнча материалды бөлүштүрүү**

| М/Б | 6-класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс |
|---|---|---|---|---|
| **С О Ц И А Л Д А Ш У У** | Индивид жана анын белгилери. Адам өзүн кантип таанып-билет? Өз ара мамилелердин ар түрдүүлүгү. Адам жана аны курчаган чөйрөсү. Маалымат жана анын булактары. Мен чыныгы жашоодо жана виртуалдык дүйнөдө. Коомдук нормалар. Коомдогу социалдык ар түрдүүлүк. Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү көп түрдүүлүк. | Индивидуалдуулук жана анын өзгөчөлүктөрү. Мүнөз, темперамент, жөндөмдүүлүк. Адамдын мүмкүнчүлүктөрү. Адамдын жашоосундагы баалуулуктар. Адамдар аралык мамиле – социалдык муктаждык катары. Коомдогу топтор Коомдук көзөмөл Инклюзия жана тең мүмкүнчүлүктөр коому. Гендердик теңдик. Конфликт жана аны чечүүнүн жолдору. Коомдун турмушуна маданияттын тийгизген таасири. Интернет жана социалдык тармактар. Медиасабаттуулук. Медиа-контентти колдонуу этикасы. | Инсан жана анын түзүлүшү. Инсандын калыптануусу. Инсандан жаранга карай. “Мен-Концепция”. Адамдын ишмердүүлүгү. Баарлашуу жана анын өзгөчөлүктөрү. Коомдун структурасы. Коомдук институттар. Коомдук мамилелер. Социалдык мобилдүүлүк. Коомдун маданий ар түрдүүлүгү. Дин – социалдык институт катары. Санариптик сабаттуулук. Санариптик компетенттүүлүк Фейктер, тастыкталбаган маалыматтар. | Менин иденттүүлүгүм. Идентүүлүк түшүнүгү жана түрлөрү. Өзүн өзү таануунун инсандын өнүгүүсүндөгү ролу. “Менин образым”. Эркиндик жана жоопкерчилик. Инсандын кесиптик багыты. Социалдык нормалар жана көзөмөл. Девианттуу жана делинквенттик жүрүм-турум. Маданияттардын интеграциясы. Көп түрдүүлүк жана дискриминация. Салттуу жана жаңы кесиптер. Медианын коомдогу орду. Маалымат мейкиндигиндеги негизги көндүмдөр. |
| **У Л У Т** | Үй-бүлө – улуттук дөөлөт. Үй-бүлөлүк каада-салттар жана | Үй-бүлө – коомдун уюткусу. Үй-бүлөдөгү ролдор. | Коом менен үй-бүлөнүн өз ара аракетенүүсү. Үй-бүлөнүн түрлөрү. | Үй-бүлө – социалдык институт катары. Үй-бүлөнүн улуттук баалуулуктары, каада- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Т У К Н А Р К - Б А А Л У У Л У К Т А Р** | жөрөлгөлөр. Үй-бүлөдөгү өз ара мамиле. Адеп-ахлактык баалуулуктар. Менин шаарымдын/ айылымдын социалдык жана маданий портрети Улуттук дөөлөттөрдү сактоо жана өнүктүрүү. Материалдык мурас: боз үй. Улуттук майрамдар жана жөрөлгөлөр. Музыка, эпос, элдик чыгармачылык жана салттуу билим. | Кыргыз философиясын-дагы гендердик теңдик. Үй-бүлөлүк каада-салттар жана баалуулуктар. Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар. Улут жана улуттук түшүнүктөрүн колдонуу өзгөчөлүктөрү. Руханий жана материалдык маданият. Мамлекеттик тилдин ролу. Кыргызстанда жашаган элдердин маданияты жана каада-салты, алардын өлкөнүн маданий мурасына кошкон салымы. | Улуттук дөөлөттөр жана баалуулуктар, алардын муундан-муунга эпос, уламыш, элдик чыгармачылык аркылуу өтүүсү. Коомдун материалдык жана руханий маданиятынын ар түрдүүлүгү жана алардын өз ара байланышы. | салтты сактоодогу ролу. Идентүүлүк түшүнүгү жана түрлөрү. Баалуулуктар жана маданияттар диалогу. Руханий жана светтик маданият. Кыргызстандын көрүнүктүү инсандары жана алардын өлкөнүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири. |
| **А Д А М У К У Г У Э Р К И Н Д** | Кыргыз жараны. Улуттук иденттүүлүк түшүнүгү. Адам укуктары түшүнүгүнүн тарыхы. Адам укуктары, эркиндиктери жана Мен. Адам укуктарынын декларациясынын негизги принциптери. Адам укугунун негизиндеги | Адам укуктары боюнча негизги эл аралык документтер. Адамдын укуктары жана эркиндиктери менен жарандын укуктары жана милдеттеринин байланышы. Адам укуктары жана КРнын Конституциясы. Укук менен салттын өз ара байланышы. Саясий режимдер: | Демократиялык мамлекеттин түзүлүш принциптери. Адамдын жарандык жана саясий укуктары. Адамдын экономикалык, социалдык жана маданий укуктары. Адам укугун коргоо боюнча мамлекеттин жоопкерчилиги. Акыйкатчы институту (Омбудсмен). Укуктук мамлекеттин негиздери. Укук жана | Адам укугунун жана жарандын Конституциялык жана эл аралык кепилдиги жана коргоо механизмдери. Майыптыгы бар адамдардын, мигранттардын жана башка аярлуу топтордун укуктарын коргоо. Адам укугу жана эркиндиги менен коопсуздук жана жоопкерчиликтин байланышы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ИГИ ЖООПКЕРЧИЛИГИ** | баалуулуктар (адамдык кадыр-барк, эркиндик, теңдик, адилеттүүлүк). Мамлекет жөнүндө түшүнүк. Жүрүм-турум эрежелери. Менин иш-аракетим – менин жоопкерчилигим. Жеке жоопкерчилик (үй-бүлөдө, мектепте, коомдо) Жарандардын тең укуктуулугу. Мыйзамдуулук жана тартип. | демократия, тоталитардык жана авторитардык. Мамлекеттин механизмдери жана бийликтин бөлүнүшү. Мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы мамилелер. Укуктук сабаттуулук жана нигилизм. Укуктук маданият. Социалдык нормалар жана жоопкерчилик. Мыйзам жана анын функциялары. Укуктук маселелерди чечүү тартиби. | мыйзам үстөмдүгү. Жарандык активдүүлүк жана коомдук жашоого катышуу. Мамлекет менен адамдын жана коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу. Укуктук жөндөмдүүлүк жана иш-аракетке жөндөмдүүлүк. Адамдар ортосундагы чыр-чатактарды жөнгө салуучу укуктук институттар (формалдуу жана формалдуу эмес). Моралдык жана юридикалык жоопкерчилик. Укук бузуу жана жоопкерчилик. Жарандык жоопкерчилик. | Ой-пикир билдирүү эркиндиги жана медиадагы жоопкерчилик. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшү. Мамлекеттин башкаруу механизмдери. Мыйзам чыгаруу процесси. Аткаруу бийлиги. Сот системасы жана сот акыйкаттыгы түшүнүгү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары. Жарандардын чечимдерди кабыл алууга жана мамлекетти башкарууга катышуу процесси. Демократиялык шайлоолор жана шайлоо системасы. |
| **ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮК** | Жеке коопсуздук. Жеке чектер. Дени сак жашоо (зыяндуу адаттардын, так-сикоманиянын коркунучтары). Жолдо жүрүүнүн эрежелери. Социалдык, техногендик, табигый кырсыктар. Өзгөчө кырдаалда өзүн алып жүрүүнүн эрежелери. | Буллинг – жеке коопсуздукту бузуу катары. Күндөлүк турмуштагы стереотиптердин ролу. Сергек жашоо образы. Өзгөчө кырдаалдар. Экстремизм жана терроризм коркунучу. Социалдык тармактар жана мессенджерлерди | Адамдын коопсуз жүрүм-туруму. Толеранттуулук түшүнүгү. Ден соолуктун жана психологиялык абалдын сактыгы. Коопсуздук эрежелери (жолдо жүрүүдөгү, суудагы, муздагы, чоочун жердеги коопсуздук). Экстремизм жана терроризмге каршы туруунун негиздери. Санариптик керектөө коопсуздугу жана | Өз ара мамилелердеги гендердик теңдик жана коопсуз мамиле. Коомдук жана мамлекеттик коопсуздук. Коррупция жана анын кесепеттери. Глобалдык дүйнөдөгү миграция. Өзгөчө кырдаалдар (Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган). Социалдык, биологиялык, табигый |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **О О П С У З Д У К** | Маалыматты иштетүүнүн коопсуздугу. Уюлдук телефон аркылуу интернеттин оң жана терс таасирлери. Экономика жана экология. Туруктуу өнүгүүнүн 17 максаты. Жашыл экономика. Үй-бүлөлүк чарба. Салык сабаттуулугу. Үнөмдөө жана топтоо. Акча жана банк системасы. | колдонуунун коопсуздугу. Экономикалык ишмердүүлүк. Базар жана менчик. Муктаждык жана керектөө. Кызмат көрсөтүү маданияты. Камсыздандыруу механизмдери | интернет гигиена. Экономикалык жоопкерчилик. Керектөө экологиясы. Салык жана милдеттүү төлөмдөр. Эмгек базары жана жумушсуздук. Инвестициялоонун принциптери жана каражаттары. Ишкердик, стартап жана инновациялык бизнес. Менеджмент жана маркетинг. | жана техногендик кооптуу абал. Маалымат жаратууда жана таркатууда жоопкерчиликтүү мамиле. Мамлекеттин каржы системасы жана бюджети. Мамлекеттин салык саясаты. Банк системасы. Керектөө маданияты. Экономика чөйрөсүндөгү экологиялык маселелер. Эл аралык соода |

## 4. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Адам жана коом предметин окутууда төмөнкү технологиялар колдонулат:

**Инсанга багыттап окутуу технологиясы** – бул ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн, жөндөмүн, кызыгуусун жана муктаждыктарын эске алып жүргүзүлгөн билим берүү процесси. Инсанга багыттап окутуунун максаты – ар бир окуучунун: кыздардын жана балдардын билимге жетикиликтүүлүгүнө жана катышуусуна бирдей шарт түзүү, жеке потенциалын ачуу, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү Кыргыз жаранын тарбиялоо. Бул технологиянын негизинде окуучу пассивдүү билим алуучу эмес, активдүү катышуучу катары эсептелет. Инсанга багыттап окутуунун негизги өзгөчөлүктөрү:

- окуучунун жеке жөндөмдүүлүктөрүн, интеллектуалдык деңгээлин, окууга болгон мамилеси жана кызыгуусу эске алынат;
- баарлашуу аркылуу окуучуларды суроо берүүгө, сынчыл ой-жүгүртүүгө жана өзүнүн жоопторун сунуштап, өз алдынча чечим чыгарууга багыттайт;
- окуучуга коопсуз чөйрөдө ишенимдүү, жайдары, өз оюн эркин айтып, жаңылуудан коркпой турган шарт түзүлөт.

**Проблемалык окутуу технологиясы** – бул окуучуларды ой-жүгүртүүгө, изилдөөгө жана чечим кабыл алууга багыттап, үйрөтүүгө негизделген билим берүү процесси. Проблемалык окутуу технологиясынын максаты – окуучунун критикалык ой-жүгүртүүсүн, чыгармачылык дараметин жана изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул технологияны колдонуунун негизги этаптары:

- проблеманы коюу – окуучу даяр маалымат менен эмес, маселе же көйгөй менен иштейт;

- изилдөө жүргүзүү – окуучу маалымат издөө, эксперимент өткөрүү, сурамжылоо уюштуруу, салыштыруу аркылуу көйгөйдү аныктайт;

- өз чечимин сунуштоо – окуучу изилдөөнүн негизинде өзүнүн жыйынтыктарын негиздеп берет;

- рефлекция – окуучулар өздөрүнүн жыйынтыктарын, чечимдерин бири-бириники менен салыштырып, талдап, жалпы жыйынтыкка келишет.

**Инновациялык окутуу технологиясы** – бул билим берүү процессинде жаңы, заманбап ыкмалар жана каражаттарды колдонуп окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган технология. Инновациялык окутуу технологиясынын максаты – илимий, техникалык, санариптик жетишкендиктерди колдонуу менен окуучулардын изилдөө, талдоо, чыгармачылык көндүмдөрүн өнүктүрүү. Анын өзгөчөлүктөрү:

- заманбап технологияларды интеграциялап колдонуу;
- окуучуларды сабакка болгон кызыгуусун арттырган көрсөтмөлүүлүк;
- окуучулардын сабакка активдүү катышууга багыттаган мотивациянын болушу.

Адам жана коом предметин окутууда төмөнкү методдор колдонулат:

- салттуу методдор (аңгемелешүү, суроо-жооп, түшүндүрүү);
- көрсөтмөлүүлүк методу (иллюстрация, схема, таблица, видео);
- практикалык (жеке, жуптарда жана топтордо тапшырмаларды иштөө);
- оюн (ролдук оюндар, дидактикалык оюндар).

## 5. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

5.1. Баалоо – бул окуучунун ээ болгон билим, көндүм жана жөндөмдүүлүктөрүн кандай деңгээлде жакшырткандыгын аныктоо үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттердин жыйындысы. Баалоо – окутуу процессин башкаруу, окуучунун жетишкендиктерин жана өнүгүүсүн изилдөө, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн маанилүү курал болуп саналат.

5.2. Адам жана коом предметинде баалоо төмөнкү принциптерге таянат:

- объективдүүлүк – баалоо бардык окуучулар үчүн алардын жеке көз карашына, пикирине, этникалык жана социалдык абалына карабастан бирдей критерийлерге негизделип жүргүзүлүшү керек. Бул класста теңдикти камсыздоого жардам берет;

- теңдик – баалоодо гендердик, физикалык, социалдык абалына карата дискриминация болбошу керек;

- жагымдуулук – баалоо окуучулардын өз жөндөмдүүлүктөрүн көрсөткөнгө, окутуу процессине активдүү катышууга шарт түзгөн жагымдуу жана колдоочу маанайда болушу керек. Бул окуучулардын өз пикирин эркин билдирүүгө, өз ара талкууга активдүү катышууга, өз кемчиликтерин анализдеп, жоюуга мүмкүнчүлүк берет;

- ачыктык – баалоонун критерийлери жана формалары окуучулар үчүн алдын ала белгилүү болушу керек. Мисалы, коомдук маселелерди же укуктук нормаларды талкуулаганда мугалим баалоонун критерийлерин алдын ала билдирет. Бул окуучулар эмне үчүн жана кантип бааланарын түшүнүүгө жардам берет;

- ишенимдүүлүк – баалоо бардык окуучулардын теңдигин камсыз кылгандай ишенимдүү болушу керек. Мисалы, бир эле окуучу ар кандай тапшырмаларды аткарганда же бардык класс ар кайсы тапшырмаларды аткарганда ошол эле критерийлерге негизделген баага ээ болушу зарыл.

5.3. Адам жана коом предметинде баалоонун формалары төмөнкүдөй аспектиде колдонулат:

- диагностикалык баалоо – окуу жылынын башында, чейректин жана бөлүмдүн башында жүргүзүлөт жана окуучулардын учурдагы билим деңгээлин, алар тарабынан колдонулган негизги түшүнүктөрдү, ээ болгон жөндөмдөрдү аныктоого багытталган. Бул маалыматтар боюнча мугалим окуу планын түзүп, жеке керектөөлөрүнө ылайык ар бир окуучу үчүн калыптандыруучу баалоо процессин жүргүзө алат;

- калыптандыруучу (формативдик) баалоо – окутуу процесинин жүрүшүндө окуучулар өздөрүнүн билим деңгээлин жана жөндөмдүүлүктөрүн көрсөткөн ишмердүүлүк аткарганда жүргүзүлөт. Мисалы, топтук иш-чаралар, оозеки талкуу, жазуу иштеринде окуучулардын талдоо, баалоо жана аргументация жүргүзүү жөндөмдүүлүгү бааланат;

- суммативдик баалоо – чейректин же окуу жылынын аягында жүргүзүлөт. Бул баалоо окуучунун жыл бою алган билимдерин, талкууланган темаларды жана аларды колдонуу жөндөмүн жыйынтыктоо процесси. Окуучунун жалпы окуу процессинде билимин жана компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат.

5.4. Баалоонун критерийлери – бул белгиленген максаттарга жана стандарттарга ылайык иштелип чыккан баалоо процесси учурунда колдонулган талаптар жана нормалар. Критерийлер – окуучунун кандайдыр бир тапшырманы кантип жана кандай деңгээлде аткарганын аныктоо үчүн колдонулуп, анын иш-аракеттерин жана жетишкендиктерин баалоого жардам берет.

Адам жана коом предметинде баалоонун критерийлери окуучунун:

- жеке ишмердүүлүгүнө (деңгээлдик тапшырмаларды иштөөдө);
- жуптук ишмердүүлүгүнө (оозеки талкуу, жазуу иштерин аткарууда);
- топтук ишмердүүлүгүнө (талкуу, презентация даярдоо, презентациялоо);
- башкаларга болгон мамилесине (гендердик жана маданий ар түрдүүлүктү сыйлоо, эске алуу, башкалардын пикирин угуу, сөздү бөлбөө, кемсинтпөө ж.б.);
- лидерлик сапатына (идеясын түшүндүрө алуу, фактыларды келтирүү, топту уюштуруу ж.б.);
- жеке жөндөмдүүлүктөрүнө (чыгармачылык, чечендик, эмоция жана сезимдерин башкара алуу ж.б.) карата түзүлөт.

## 6. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

**Адам жана коом предметин окутууда сабакты ресурстук камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:**

6.1. Окуу-методикалык комплекстери:

- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан сунушталган Адам жана коом предмети боюнча 6-7-8-9-класстар үчүн
  - предметтик стандарты (ушул предметтик стандарт)
  - окуу программасы

- окуу китеби
- мугалим үчүн методикалык колдонмо
- окуучулар үчүн жумушчу дептерлер

- Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан сунушталган Адам жана коом предмети боюнча 6-7-8-9-класстар үчүн

- окутуу процессининин натыйжалуулугун арттыруу үчүн колдонулган санариптик билим берүү ресурстары (электрондук китеп, презентация, билим берүүчү сайттар);
- көрсөтмө куралдар (кагаз түрүндө же электрондук түрдө).

6.2. Адам жана коом предметин окуткан кабинет:

- Мамлекеттик санитардык-эпидемиалогиялык көзөмөл жана оорулардын алдын алуу департаменти (https://dgsen.kg/ ) тарабынан коюлган талаптарга жооп бериши;

- 5.1-пунктта көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги тарабынан сунушталган Адам жана коом предмети боюнча окуу-нормативдик документтер, окуу методикалык комплекстердин болушу;

- мүмкүнчүлүккө жараша маалыматтык-байланыш технологиялар менен (глобалдык интернет тармагы, техникалык каражаттар (компьютер, проектер ж.б.)) камсыз болушу зарыл.

## 7. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

7.1. Адам жана коом предметинин окуу процессин уюштуруунун өзгөчөлүгү төмөнкүлөр болуп саналат:

- мугалимге талаптар. Адам жана коом предмети коомдук илимдердин интеграцияланган дисциплиналарынан түзүлүп, татаал мазмунду түзгөндүктөн Адам жана коом предметин окутууну ишке ашыруу жаатында квалификациясын жогорулатуудан-кайра даярдоодон өткөн “Тарых мугалими” же “Адам жана коом предметинин мугалими” деген педагогикалык квалификациянын болушу зарыл;

- мультидисциплинардык байланыш. Окутуу процесси гуманитардык жана табигый илимдердин өз ара байланышы аркылуу ишке ашат. Окуучулар адам, анын коомдогу орду, адамдын ишмердүүлүгүнүн коомдун: маданий, саясий, экономикалык жана экологиялык чөйрөлөрүнө тийгизген таасирин түшүнүп, талдап чечим чыгарууга багыттоо;

- предметтин жана окутуунун принциптерине таянуу. Окутуу процессин уюштурууда демократиялык, гендердик теңдик, көп түрдүүлүк, дискриминациясыз мамилеге таянып, өнүктүрүүчүлүк, уланмалуулук, системалуулук, көрсөтмөлүүлүк, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу принциптерин негиз катары алуу зарыл;

- жеке жана коомдук проблемаларга көңүл буруу. Жеке проблемалардан (тең укуктуулук, буллинг, конфликт, гендердик стреотиптер) башталып, коомдук проблемаларга чейин (социалдык чыр-чатак, коопсуздук коркунучтары, таштанды, тазалык, сарамжалдуулук ж.б.) талкуулап, проблемаларды чечүүнүн жолдорун табууга үндөө жана чечимдерин сунуштоого багыттоо.

7.2. Адам жана коом предметинин мазмунун концентрдик принцип түзөт. Бул окуучулардын:

- баштапкы деңгээлде жөнөкөй түшүнүктөрдү өздөштүрүп, өзүн курчаган чөйрө, адам менен коомдун өз ара мамилеси тууралуу окуп-үйрөнүүгө;

- орточо деңгээлде мазмунду терең окуп-үйрөнүп, ар бир укуктун жана эркиндиктин милдеттери жана жоопкерчилиги боло тургандыгын аңдап-билүүгө;

- жогорку деңгээлде темалар кеңейип жана тереңдетилип, коомдогу көйгөйлөрдү чечүү жолдорун талкуулоо, чечимдерди сунуштоо ишмердүүлүгүн аткарууга шарт түзөт.

7.3. Окутуунун методдору окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, теманын мазмунуна жана көлөмүнө жараша тандалат:

- салттуу методдорго – башталгыч жана жалпы негизги билим берүүдө басым жасалат. Бул куракта окуучулар жаңы түшүнүктөргө жана маалыматтарга ээ болуп, алган билимин анализдеп, өздөштүрүп, практикалык тапшырмаларды аткарат;

- активдүү методдор – жалпы негизги билим берүү жана жалпы орто билим берүүдө колдонулат. Окуучулар деңгээлдик тапшырмалар аркылуу активдүү ишмердүүлүк жүргүзүп, жеке, жуптарда жана топтордо иштөөгө даяр болушат;

- интерактивдүү методдорго – жалпы орто билим берүүдө басым жасалат. Бул куракта окуучулар алган билимин талдоо, чечим чыгаруу жана көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун сунуштоо, ж.б. ишмердүүлүк аркылуу долбоордук иштерди аткарып, коомдук иштерге (активист, волонтер) катышат.

Методдорду ар бир баскычта (башталгыч билим берүү, жалпы негизги билим берүү жана жалпы орто билим берүү) окуучулардын билимди өздөштүрүү деңгээлине жараша аралаш колдонсо болот.

7.4. Адам жана коом предметинин башка предметтер менен байланышы:

- Тарых. Коомдук концепцияларды, теорияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү тарыхый аспектиден карап, алардын коомдун өнүгүүсүнө, өзгөрүүсүнө таасир этүүсүн түшүнүүгө жардам берет.

- География. Экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү, экологияны, глобалдык кризистерди локалдык-аймактык контекстте таанып-билүү, түшүнүү, аларга талдоо жүргүзүп, чечим чыгарууга шарт түзөт.

- Табигый илимдер. Адамдын биологиялык жана социалдык башталыштарын, адамдын жаратылыш менен болгон мамилесинин, анын оң жана терс таасирлерин, табиятты сактоонун жана коргоонун зарылдыгын окуп-үйрөнөт.

- Адабият. Улуттук жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды: инсан, адеп-ахлак, атуулдук, үй-бүлө, мээрим, боорукердик, акыйкаттык темаларынын коомдун өнүгүүсүнө идеологиялык таасирин талдап, маанисин түшүнөт.

- Математика. Финансылык математика, статистикалык маалыматтар, пайыздар, ж.б. түшүнүктөр аркылуу финансылык сабаттуулугу калыптанат.

7.5. Психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүүдө төмөнкү ыкмаларды колдонуу сунушталат:

- Биз ар түрдүүбүз, бирок, тең укуктуубуз! Класстагы бардык окуучулар жынысына, социалдык абалына, социалдык жактан аялуу катмар, улутуна, расасына, кармаган динине карабастан тең укуктуу болуп саналат;

- Жеке баалуулуктар – кол тийгис! Ар бир окуучунун көз карашына, дүйнө таанымына, эмоциясына, сезимдерине же материалдык баалуулуктарына сый мамиле кылуу. Окуучулар өз пикирин эркин жана коркпостон билдире алуусу үчүн шарт түзүү;

- Адашуу – бул айып эмес! Окуучуларды өз каталарын билип, моюнга алып, оңдоону үйрөнүү менен бирге, кетирген каталарынан сабак алышат. Адашуу, ката кетирүү, ийгиликсиздик – табигый процесс экенин түшүндүрүү;

- Биздин күчүбүз биримдикте! Жуптарда жана топтордо иштөө аркылуу окуучулар бири-бири менен кызматташып, социалдык жоопкерчиликтүү мамилелерди түзүшөт. Бири-бирине ишенүү, колдоо жана бирге аракеттенүү – окуучуларга психологиялык коопсуздук чөйрөсүн түзүүгө жардам берет.